**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**13.23.681 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда УДК 37.01:372(575.2) (043.3)

**МУСАЕВ БАКЫТБЕК МАЛАЕВИЧ**

# МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН ЖАРДАМЫ МЕНЕН СТУДЕНТТЕРДИ КЕСИПКЕ БАГЫТТАП ОКУТУУ (Башкаруудагы МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР КУРСУН окутуунун мисалында)

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу)

Педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2024**

**Диссертациялык иш С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Физика, математика жана информатика» кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчи:**
**Калдыбаев Салидин Кадыркулович**
педагогика илимдеринин доктору,
Ала-Тоо Эл аралык университетинин профессору

**Расмий оппоненттер**:

Диссертациялык иш 2024-жылдын __________айында саат ______ Кыргыз билим берүү академиясынын жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д.13.23.681 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги**: 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан таанышууга болот (www.arabaev.kg).

Автореферат 2024 жылдын __________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Казиева Г.К.**

**ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ**

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кесиптик билим берүүнүн сапаты коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн учурдагы жана келечектеги пландарына канчалык деңгээлде жооп берээри менен аныкталат. Заманбап кесиптик билим берүүнүн бүгүнкү күндөгү негизги максаты болуп тиешелүү деңгээлдеги жана профилдеги квалификациялуу, эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, компетенттүү, жоопкерчиликтүү, өз кесибин мыкты билген жана дүйнөлүк стандарттын деңгээлинде өз адистиги боюнча натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү адистерди даярдоо саналат. Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү өз кесибинде компетенттүү жана жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл ала билиши керек. Жогорку кесиптик компетенттүүлүктөн тышкары, XXI кылымдын адиси өз квалификациясын тынымсыз жогорулатууга тийиш.

Азыркы учурда Кыргызстандын билим берүү саясатында жогорку окуу жайлар студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө даяр болуусунун калыптанышына кепилдик берүүчү фундаменталдык жана кесиптик билимдерди, билгичтиктерди айкалыштыруу менен өздөштүрүүнүн жогорку деңгээлин камсыздоого милдеттүү экендиги аныкталган.

Кыргыз Республикасындагы жүргүзүлүп жаткан радикалдуу экономикалык өзгөрүүлөр жетекчиден ишкананы башкаруудагы форманы жана ыкмаларды жакшыртууну гана эмес, бар бизнести өнүктүрүү же жаңысын уюштуруу маселелерин чече билүүнү талап кылат. Кесиптик ишмердүүлүктөгү ийгиликтер көпчүлүк учурларда келечектеги жетекчилердин бизнес-пландоо көндүмдөрүнө ээ болгондугунан көз каранды. Бизнес-пландоонун маселелери өздөрүнүн чагылуусун "Ишканалардын менеджменти", "Экосистемаларды башкаруу" жана "Шаардык өнүгүүсүн башкаруу (Урбаннистика)" адистиктери үчүн түзүлгөн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында табышкан. Келечектеги адис микроэкономикалык деңгээлде рынок чөйрөсүн талдоо методологиясын колдонушу керек; ишкананын негизги экономикалык көрсөткүчтөрүнүн эсеп-кысабын жүргүзүүнү билиши керек; ал экономиканын, өндүрүштүн, ишмердүүлүктүн ж.б. уюштуруучусу жана көйгөйлөрдү чечүү иштерине катышат.

Ошону менен катар коомдогу бардык чөйрөлөрдү кеңири компьютерлештирүү кесиптик маселелерди чечүүнүн эффективдүү куралы катары маалыматтык технологиялардын ролун өзгөчө мааниге ээ кылат. Азыркы учурда маалыматтык технологиялар билим берүү процессинде эң аз дегенде *окуп - үйрөнүү предмети*; *предметтик тармактардын маселелерин чечүү куралы*; *окутуу каражаты* катары **үч функцияны** аткарышат. Алар кесиптик ишмердүүлүктүн көйгөйлүү маселелерин компьютердик чөйрөдө чече алган адистин белгилүү маалыматтык маданиятын калыптандырат. Жогорку окуу жайында маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү базалык даярдык кесиптик

ишмердүүлүккө киришүүдө негиз болуп кала алат.

Келечектеги кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды жогорку окуу жайларынын студенттеринин колдоно билүүсүнө окуп-үйрөтүүнүн көйгөйлөрүнө жалпылай алдын-ала баа берүү менен азыркы учурда бул темага жетишээрлик сандагы көптөгөн эмгектер арналганын белгилей кетүү керек. Ошону менен катар Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окутуунун баштапкы баскычтарында маалыматтык технологияларды кесипке багыттап окутуу боюнча педагогикалык изилдөөлөр азыраак экени байкалат.

Азыркы социалдык-экономикалык шарттарда ишмердүүлүк жөндөмдүүлүгү бар жетекчилерди даярдоо талабынын болуусу; “Менеджмент” адистиги үчүн жогорку кесиптик билим берүүдөгү мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталган милдеттердин болуусу; студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо маалыматтык технологияларды каражат катары колдонууга умтулуусу менен **изилдөөнүн актуалдуулугу** аныкталат.

Жогоруда келтирилген жүйөөлөрдөн улам биздин изилдөөбүздө:

- кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонуу тенденциясынын өсүүсү менен жогорку окуу жайларында орун алган студенттерди “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсу аркылуу маалыматтык технологияларга окутуудагы колдонулуп келген окутуу тажрыйбасынын жетишсиздигинин ортосундагы;
- студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун объективдүү зарылчылыгы менен окутуунун баштапкы баскычтарында кесиптик маселелер жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруучу педагогикалык эмгектердин, өзгөчө уюштуруу-башкаруучулук ишмердигинде педагогикалык эмгектердин аз санда болуусунун ортосундагы ***карама-каршылыктарды*** чечүү зарылчылыгы келип чыгат.

Ушуга байланыштуу студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо таасирин тийгизүүчү маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн кароого болот. Ушул шарттар **“Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуунун мисалында)”** изилдөө ишинин темасын аныктоого өбөлгө түздү. Изилдөөбүздүн конкреттүү багыты катары “Менеджмент” адистигинин алкагында “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсун кесипке багыттап окутуунун маселелери каралды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү:**

- жогорку окуу жайында “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунун окутулушунда компьютердик чөйрөдөгү бизнес-пландоонун мисалында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоочу окуу-методикалык комплекси иштелип чыгып, колдонууга берилген;

- студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо каражаты катары “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда маалыматтык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугу эксперимент түрүндө такталган.

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана корутундулары жогорку окуу жайларында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо тажрыйбасында, маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-пландоонун милдеттерин чечүү процессинде адистердин квалификациясын жогорулатуучу жана кайра даярдоо курстарынын тажрыйбасында да колдонууга болот.

**Коргоого төмөндөгү жоболор алынып чыгат:**

1. ЖОЖдун “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда бизнес-пландоо маселелерин чыгарууда маалыматтык технологияларды каражат катары пайдалануу студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо өтө натыйжалуу болот.
2. Алдыда жыйынтык катары алынуучу объектинин элесин жана иш аракеттин толук планын берүүчү аракеттерди аткарган учурда студент *аракеттин ориентирлөөчү негизин* шарттардын системасы катары кабыл алып, ага таянат.
3. Маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-планды даярдоо процессинде алынган билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн жыйындысы ЖОЖдун окуу процессинде студенттер тарабынан бизнес-пландоо маселелерин камтыган дисциплиналардын окулушунда *аракеттин ориентирлөөчү негизи* катары колдонулушу мүмкүн.
4. Критерийлер студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун ийгиликтүү көрсөткүчү катарында *аракеттин ориентирлөөчү негизинин* деңгээлин аныктоо үчүн кызмат кылат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-пландоону багыттуу окутуу процессинин илимий-методикалык системасын иштеп чыгуунун зарылчылыгы теориялык жактан негизделди, маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-планды даярдоо процессинде алынган билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн жыйындысы ЖОЖдун окуу процессинде студенттер үчүн бизнес-пландоо маселелерин камтыган дисциплиналардын окулулушунда *аракеттин ориентирлөөчү негизи* катары колдонулаары көрсөтүлдү.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык иштин негизги идеялары жана жыйынтыктары 2012-2023-жылдар аралыгында (Новосибирск, Бишкек, Нарын) жогорку окуу жайларда, Кыргыз билим берүү академиясында өткөрүлгөн эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, Нарын мамлекеттик университетинин жана М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кафедраларынын отурумдарында талкуулоо, ошондой эле изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын илимий басылмаларга чыгаруу аркылуу жүргүзүлдү. Изилдөөнүн материалдары

боюнча 11 иш басмадан чыккан.

**Диссертациянын натыйжаларынын илимий басылмаларда жарыяланышы.** Изилдөөнүн натыйжалары боюнча 11 илимий макала, анын ичинде 1 макала Орусиядан жана 3 окуу куралы, 2 окуу-методикалык колдонмо, 2 методикалык көрсөтмө басмадан чыкты.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч главадан жана алардан пайда болгон корутундулардан, жалпы корутундудан, 7 сүрөттөн, 20 таблицадан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын негизги текстинин көлөмү – 146 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Биринчи глава «**Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө маалыматтык технологиялардын жардамы менен даярдоонун теориялык негиздери**» аталышына ээ жана бул главада төмөндөгүдөй иштер аткарылды.

Кесиптик ишмердүүлүккө студенттердин даярдыгын калыптандыруу милдеттеринин заманбап педагогикалык изилдөөлөрүн талдоо “кесиптик милдеттерди чечүүдө маалыматтык технологияларды колдонуунун актуалдуулугу жөнүндө суроо көптөгөн иштерде коюлган” деген тыянакты чыгарууга мүмкүндүк берди. Кесиптик ишмердүүлүккө студенттерди даярдоодо бизнес-пландоонун милдеттерин чечүү үчүн маалыматтык технологияларды теориялык жана практикалык колдонууга арналган иштер ЖОЖдо окутуунун “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда байкалган эмес.

Азыркы учурда билим берүү процессинде маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча талдоо жүргүзүлдү:

- “маалыматтык технологиялар” жана “компьютердик технологиялар” түшүнүктөрүнүн мазмундары такталды;
- азыркы учурда билим берүү процессиндеги маалыматтык технологиялар жок дегенде *окуп билүү предмети; предметтик аймактардагы милдеттерди чечүүдөгү курал; окутуу каражаты* катары үч милдетти аткараары такталды;
- “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда студенттерди маалыматтык технологиялар боюнча окутуу алардын келечектеги кесиптик ишкердүүлүгүнө түздөн-түз катышы жок экендиги тууралуу жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берди.

Педагогикалык изилдөөнүн аткарылышынын жыйынтыгы катары “уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгү” түшүнүгүнө аныктама берилди.

Жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик билим берүү стандартын талдоонун негизинде экономикалык ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн бизнес-пландоо тармагында даярдоо милдеттери бөлүп көрсөтүлдү.

Кесиптик ишмердүүлүктүн объектиси катары каралган бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонуунун дидактикалык негиздерин талдоонун негизинде:

- бизнес-пландоонун милдеттерин чечүүнүн адистештирилген программалык каражаттары бар экендигине карабай аларды кесиптик ишмердүүлүктө, ошондой эле билим берүү процессинде колдонуу дайым эле мүмкүн эместиги байкалды;
- кеңири колдонулган Microsoft Office базалык программалар жыйындысы бизнес-пландоонун милдеттерин ийгиликтүү чечүүгө мүмкүнчүлүк берээри такталды.

Берилген педагогикалык изилдөөнүн алкагында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун ийгиликтүүлүгүнүн критерийлерин аныктоо үчүн маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-планды даярдоону студенттердин ишмердүүлүгүнүн түрү катары карайбыз. Адам ишмердүүлүгүнүн психологиялык түзүлүшүн кароодо жана "түшүнүүнү" анализдөөдө П.Я. Гальперин тарабынан аракеттин ориентирлөөчү негизи (АОН) татаал түзүлүш катары бөлүнүп көрсөтүлгөн. П.Я. Гальперин боюнча АОНго кирген теориялык билим жыйындысы (ориентирлер) адамдын предметтик аракетин түзүү менен теориялык ишмердүүлүктүн объектисинен багытталган ишмердүүлүктүн маанилүү бөлүгүнө айланат. Аракеттин айрым мүнөздөмөлөрү болуп П.Я. Гальпериндин ою боюнча аракеттин өзүнөн ажыратып кароого мүмкүн болбогон билгичтик жана көндүмдөр эсептелишет. «Программаланган билим берүүнүн психологиялык негиздери тууралуу» макаласында П.Я. Гальперин окутуу-үйрөтүү деп жыйынтыгында билим алуучунун жаңы билимге ээ болуусуна же мурдагы билими, иш билгилүүлүгү жаңы сапаттарга ээ болуусуна алып келген ар түрдөгү ишмердүүлүктү атайт. Билим берүү процессин ишмердүүлүк катары кароо билим, билгичтиктер жана көндүмдөр катыштарын принципиалдуу түрдө башкача кароону талап кылат. Аныкталган касиеттери менен өз ара аракеттенишкен көндүмдөр менен билгичтиктерге билим карама- каршы коюлбастан алардын бир бөлүгү катары каралышы керек. Билим алуучунун иш-аракеттеринен тышкары деле билим өздөштүрүлөт, сакталат деп айтуу туура эмес.

Жогоруда айтылгандардын негизинде адам аракетти ишке ашырууда реалдуу таянган, курамына алдыда алына турган объектинин элесин, иш-аракеттердин майда-чүйдөсүнө чейинки планын камтып турган шарттардын системасын АОН катары карайбыз.

Бизнес-пландоонун милдеттерин маалыматтык технологиялар каражаттары аркылуу аткарууда АОН үч аймакта калыптанат: маалыматтык технологиялар, бизнес-пландоо жана бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды пайдалануу. Бул ишмердүүлүктүн жыйынтыгы катары ошол эле аймактарда билим калыптанып, билгичтиктер жана көндүмдөр пайда болот. Келечектеги кесиптик ишмердүүлүктүн жалпыланган багыттоочусу катары студенттерге башкаруу жана бизнес-пландоо тармактарындагы адистиктери боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарттарында чагылдырылган милдеттер

көрсөтүлөт. “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунун калыптандыруучу экспериментинин ар бир баскычында объектинин элеси жана аракеттердин такталган планы берилет.

Бизнес-пландоонун маселелерин маалыматтык технологиялар каражаттары менен чыгаруу процессинде АОН биз тараптан эки аспект катары каралат:

- АОН бизнес-пландоонун милдеттерин маалыматтык технологиялардын каражаттары менен чечүүдөгү баштапкы маалыматтар (берилиштер), алына турган объектинин элеси (түспөлү), алдыдагы жыйынтыктын моделин алуудагы баштапкы маалыматтарды өзгөртүү тартиби тууралуу студенттин элестетүүлөр системасы катары каралат.
- АОН студенттердин бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонууга (б.а. келечектеги кесиптик ишмердүүлүктө) даяр деген моделинин бирдиктүү түзүлүш элементи катары каралат.

Билим берүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн көз карашы боюнча кесиптик даяр болуунун калыптануусу С.И. Архангельскийдин, А.А. Вербицкийдин, В.Г. Гершунскийдин, Э. Мамбетакуновдун, Т.М. Сияевдин ж.б. эмгектеринде чагылдырылган. Азыркы учурда педагогика боюнча изилдөө иштеринде кесиптик ишмердүүлүккө даяр болуу тууралуу түшүнүктөрдү А. Онгарбаева, В, Исакова, А.С. Раимкулова, А. Муздыбаева, Т.Э. Исаковдун изилдөөлөрүндө кездештиребиз.

Биздин изилдөөбүз үчүн кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонууга даяр болуу каралган эмгектер өзгөчө кызыгууну жаратышат (Л.А. Денисова, Г.А. Кручинина, Л.В. Кулева, Р В Жариков, Ж В. Иноземцева, ЕМ , Разинкина, А.Д. Токтомаметов, А.А. Умарбекова). Коюлган көйгөйдүн чечилишине болгон түрдүү мамилелерге жана кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонууга даяр болуу моделиндеги компоненттердин мүмкүн болгон түрлөрүнө карабастан, бардык аталган изилдөөлөр даяр болууну кесиптик компоненттерден түзүлгөн, өзүнө билим, билгичтиктер жана көндүмдөрдү камтыган бирдиктүү комплекс катары карашат.

Калыптанган АОН аракетти аткаруу шарттарынын системасы катары студенттердин кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонууга болгон даяр болуу үлгүсүнө сиңиримдүү бөлүк катары кирет да, бир жагынан алып караганда башка түзүүчүлөргө көз каранды болуп, экинчи жагынан караганда – даяр болуунун башка түзүүчүлөрүнө таасирин тийгизет.

В.П. Беспалько педагогикалык технологиянын түзүүчүлөрүн карап жатып, педагогикалык технологиянын максаты диагностикалык түрдө коюлушуна көңүл бурган, б.а. аны ишке ашыруу даражасы тууралуу маанилүү бүтүм чыгарып, берилген убакытта ага жетүүнүн кепилдигин камсыздоочу, так аныкталган диагностикалык процессти түзүү менен максат ишке ашаарын айткан.

Процесстин сапатын же сапаттуу продуктту баалоо акыркы жыйынтыктын эталону – сапаттын кандайдыр бир ченеминин б.а. ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн даяр болуу сапатынын эталонунун бар болуусу менен гана мүмкүн экендигин далилдеген орус окумуштуулары В.М. Соколов, И.В. Гребенев, Л.Н. Захарова, В.В. Соколова жана кыргыз окумуштуусу А.Д. Токтомаметов, изилдөөчү А.А. Умарбекова менен биз бир ойдобуз. Кесиптик ишмердүүлүккө болгон даяр болуу билим берүүнүн бардык элементтеринин, бүтүн кесиптик ишмердүүлүктү түзүүчү окуу дисциплиналарынын бөлүктөрүнүн жыйындысына ээ болуу менен менен аныкталат. Айтылгандарга ылайык, маалыматтык технологиялар каражаттары менен бизнес-пландоонун милдеттерин чечүү процессиндеги студенттин *аракетин ориентирлөөчү негизин* калыптандырууну ЖОЖдун бүтүрүүчүсүн уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүнө даярдоочу жалпы системасынын бир бөлүгү катары карайбыз.

Экинчи глава «**Изилдөөнүн методдору жана аларды ишке ашыруу технологиясы**» деп аталып, кесиптик билим берүүнүн сапатын башкарууну түзүүгө болгон жалпы мамилелер жана методдор, "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсун окутууда кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун технологиясы жана *аракеттин ориентирлөөчү негизинин* калыптануусунун критерийлери каралды.

Биздин изилдөөбүздүн *объектисин* жана *предметин* тактап алалы. **Изилдөөнүн объектиси** катары менеджмент адистигинин студенттерин кесипке багыттап окутуу эсептелинет. **Изилдөөнүн предмети** катары "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсунда студенттерди кесипке багыттап окутуу каралат.

Окутуу процесси – адам ишмердүүлүгүнүн өзгөчө түрү, коомдук-педагогикалык багыттагы система жана ал система катары мамилелер, методдор жана принциптер менен негизделээрине токтой кетели.

Билим берүүнүн сапатын башкаруудагы учурдагы мамилелерди изилдөө жана талдоо үчүн, жаңыларын сунуштоо үчүн биз адегенде "мамиле" деген эмне экенин аныкташыбыз керек. Э.Г. Юдин илимдин методологиясын изилдеп, методологиянын көз карашы менен «мамиле» түшүнүгүнүн маанисин ачып берет. Анын пикири боюнча, мамиле бул: 1) изилдөөнүн принциптүү багыты; 2) объектти изилдөөнүн көз карашы; 3) изилдөөнүн жалпы стратегиясынын жетектөөчү принциби.

Изилдөөчүлөр өз эмгектеринде билим берүүнүн сапатын башкарууда системалуу, ишмердүүлүк, технологиялык, инсанга багытталган жана компетенттүүлүк мамилелерди белгилешет. Алардын ар бири билим берүү феноменинин тигил же бул аспектилерин ачып, билим берүүнүн сапатын башкаруу моделин куруунун негизги идеясын аныктайт. Өз кезегинде, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатын башкарууну өнүктүрүүдө бул мамилелерди эске алуу зарылчылыгы билим берүү процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүнөн,

ошондой эле билим берүүнүн сапатын башкаруунун мүнөзүнөн келип чыккандыгын белгилей кетүү керек. Айтылган мамилелердин ар биринин мазмунун карап чыктык. Мамилелерге токтой кетсек алар төмөндөгүлөр: студенттерге кесиптик билим берүүнү калыптандырууга карата *системалуу мамиле кылуу,* студенттердин кесиптик билимин калыптандырууга карата *ишмердүүлүк мамиле кылуу,* студенттердин кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандырууга карата *технологиялык мамиле кылуу, с*туденттердин кесиптик ишмердүүлүктөрүн калыптандырууда *инсанга багытталган мамиле кылуу, с*туденттердин санариптик сабаттуулуктарын калыптандырууда *компетенттүүлүк мамиле кылуу.*

Кесиптик билим берүүнү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн методологиясын аныктоодо *методологиялык мамиле кылуу* маанилүү ролду ойнойт. ЖОЖдо “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсун окутууда студенттерге кесиптик билим берүүнү калыптандыруу маселесин иликтөөнүн методологиялык маселелери катары системалык, ишмердүүлүк, технологиялык, инсанга багытталгандык, компетенттүүлүк мамиле кылуу зарыл деп эсептейбиз. Алардын ар бири студенттерге кесиптик билим берүүнү калыптандыруу маселесинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен катар, аны ийгиликтүү калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн иликтөөдө жалпы багыттарды, негизги идеяларды камсыз кыла алышат.

Методологиялык мамиле ошондой эле билим берүүнүн сапатын башкаруунун негизги жоболорун аныктоодогу илимий изилдөөлөрдү уюштурууга мүмкүндүк берген илимий методдорду бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Маалымат булагына жараша жана бизнес-пландоонун милдеттерин маалыматтык технологиялар каражаттарынын жардамы аркылуу чечүү процессиндеги кабыл алууга (түшүнүүгө) жараша *сөз түрүндөгү, көрсөтмөлүү* жана *практикалык* методдор колдонулат. Билимди өздөштүрүүнүн алгачкы баскычы болгон калыптандыруучу экспериментинин биринчи баскычында материалды проблемалуу баяндоонун *сөз түрүндөгү* методу колдонулат. Бизнес-пландоонун милдеттерин жөн гана сөз менен түзүүгө караганда маалыматтык технологияларды колдонуу менен даярдалган бизнес-пландоонун милдеттерин түзүү психологиялык-педагогикалык көз караштагы проблемалуу түшүндүрүүнүн формасында бир катар артыкчылыктарга ээ: берилген материал далилдер менен толукталат, ал эми студенттердин алган билими аң-сезим аркылуу калыптанып, ишенимге ээ кылуучу мүнөзгө ээ болот; далилдер менен берилген билим студенттерди кенен ой жүгүртүүгө үйрөтүп, чыгармачылык изденүүнүн үлгүсүн көргөзөт; түшүндүрүүнүн эмоциялуулугу окутуу процессине болгон кызыгууну жогорулатат.

Калыптандыруучу экспериментинин бардык баскычтарында оозеки түшүндүрүүнүн эң маанилүү методдорунун бирөө – *маектешүү* колдонулат.

Маектешүү жүрүп жаткан кезде кичи топтордун катышуучулары издөө ишмердүүлүгүнө жигердүү кошулушат. Окутуу процессиндеги ушундай маектешүүлөр студенттердин бизнес-пландоонун милдеттерине, ал милдеттерди чечүү процессинде маалыматтык технологияларды колдонуу ыкмаларына, стратегиялык пландоо курчап турган экономикалык, укуктук, уюштуруу ж. б. суроолоруна болгон кызыгуусун арттырат. Маектешүү методу студенттерди анализ, салыштыруу, корутундулоо сыяктуу акыл аракеттери менен куралдандырат.

Бизнес-пландоонун милдеттерин маалыматтык технологиялар каражаттары аркылуу чечүү процессинде негизги орунду маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча адабият, бизнес-планды иштеп чыгуу боюнча атайын адабият, Windows жана Microsoft Office тиркемелеринин маалымдама түрүндөгү окуу китептери жана компьютердик чөйрөдө бизнес-планды даярдоо боюнча атайын иштелип чыккан окуу-практикалык китепчеси түрүндө берилген *окуу китеби менен иштөө* методу ээлейт. Окуп-үйрөтүү процессинде студенттер билимдин үч аймагынан (маалыматтык технологиялар, бизнес-пландоо, бизнес-пландоодогу маалыматтык технологиялар аймактары) алынган фундаменталдуу талашсыз жоболорду жана принциптерди эстеп калуулары керек, тез-тезден болуп туруучу кырдаалдардан чыгууну студенттер окуу китептерден ыкчам түрдө издеп табышы керек. Бул учурда китеп менен жүргүзүлгөн иш студенттердин практикалык ишмердүүлүк процессиндеги өз алдынча иши катары каралып, ал процесстин калыптандыруучу экспериментинин бардык үч баскычын башынан аягына чейин коштоп турат.

Бизнес-пландоонун маселелерин чечүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу шарттарында окуп-үйрөнүүнүн *көрсөтмөлүү* методдору (демонстрациялоо, сүрөттөө, байкоо) өзгөчө мүнөзгө ээ. Студенттерге даяр экономикалык динамикалуу моделди демонстрациялоодо компьютерди бардык функциялары менен чогуу колдонуу процессинин өзү окуп-үйрөтүүнүн *көрсөтмөлүүлүк* методу болуп эсептелинет. Окутуп-үйрөтүүнүн методу катары каралган *байкоо* сезимдик таанып-билүүнүн активдүү формасы катары каралат; өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүнүн пайда болуусуна шарт түзөт.

Практикалык сабактардын жүрүшүндө бизнес-планды маалыматтык каражаттардын жардамы аркылуу даярдоо процессинде *көнүгүүлөр* деп аталган метод да колдонулат. АОНду калыптандыруунун бардык баскычтарында студенттердин көнүгүүлөрдү аткаруусу аркылуу берилген дидактикалык удаалаштык колдонулат. MS Excel чөйрөсүндө таблицаларды, MS Word процессорунда тексттерди даярдоо ж.б. боюнча мурда өздөштүрүлгөн билим студенттер тарабынан бизнес-планды компьютердик каражаттар аркылуу даярдоодо колдонулат, ошону менен катар окуу материалын эске тутуп калууга багытталган билимди өздөштүрүүнү, өздөштүрүлгөн материалды пайдалана билүүнү, чыгармачылык мүнөздөгү практикалык ишмердүүлүктө билимди өз

алдынча колдоно билүүнү удаалаш камсыздоо ишке ашат. Чыгармачылык башталыштын натыйжалуу өнүгүшүнө шарт түзүүчү калыптандыруучу эксперименттин үчүнчү баскычындагы издөө түрүндөгү (бизнестин экономикалык динамикалуу моделин оптимизациялоо), "Бизнес-план" тексттик документин даярдоо, жарнактык өндүрүмдү түзүү, презентацияны түзүү) көнүгүүлөрдүн өзгөчө орду бар.

Ой жүгүртүү логикасы боюнча, предметтик аймагы – конкреттүү мисалда көрсөтүлгөн бизнес-планды даярдоо болгон АОНду калыптандыруу процессиндеги окутуунун негизги методу болуп *индуктивдүү* метод эсептелинет. Биринчи баскычта даярдалган бизнестин экономикалык динамикалуу моделине өзгөртүүлөрдү киргизүү, калыптандыруучу экспериментинин экинчи баскычында бизнестин экономикалык моделин оптимизациялоо процессине өзгөртүүлөрдү киргизүү, "бизнес-план" тексттик документин даярдоо ж.б. иштери үчүнчү баскычта бизнес-пландоонун аймагында корутундулоо өбөлгөлөрүн түзүшөт. Ошону менен катар, маалыматтык технологияларда конкреттүү функцияларды тандоо менен берилүүчү жана жалпыдан жекеге багытында мазмунду ачып берүүчү логиканы берген *дедуктивдүү* метод киргизилген. Тиркеменин тигил же бул функциясын билбей калууга болот, бирок, негизги менюсун колдонуу менен алардын бар экендигин божомолдоо, бул үчүн тиркеменин түзүлүшүн элестете билүү жана анын эмнеге керек экендигин билүү жетиштүү.

Бизнес-пландоонун милдеттерин маалыматтык технологиялардын жардамы аркылуу чечүү процессиндеги студенттердин таануу ишмердүүлүгүндөгү өз алдынча иш жүргүзүүсүнүн жана активдүүлүгүнүн даражасына жараша *репродуктивдүү* да, *проблемалуу-издөө* методдору да колдонулат. Окулуп үйрөнүлгөн материалды көп жолу өзгөртүп пайдаланууну камтыган, ишке ашуусу менен билимдин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн гана эмес, ошондой эле ой жүгүртүү операцияларынын (анализ, синтез, корутундулоо, классификациялоо, орун которуу ж.б.) калыптануусуна шарт түзүүчү бизнес-планды маалыматтык технологиялар каражаттары аркылуу даярдоону *репродуктивдүүк* методго тиешелүү десек болот. Проблемалуу-издөө методдору калыптандыруу экспериментинин биринчи баскычында материалдын проблемалуу берилишинде, бизнестин экономикалык динамикалуу моделин ылайыкташтыруу процессиндеги экинчи баскычта студенттер тарабынан колдонулган *бөлүктөп-издөө* (эвристикалык) методу аркылуу, үчүнчү баскычта "Бизнес-план" тексттик документин, бизнестин презентациясын жана башкаларды даярдоодо көрсөтүлгөн.

Бизнес-пландоонун милдеттерин компьютердик каражаттар аркылуу чечүү процессинде *уюштуруу* жана *окуу-таануу ишмердүүлүгүн ишке ашыруу*, *түрткү берүү* жана *ынтызарлаштыруу* методдору менен катар окуу-таануу ишмердүүлүгүн *баалоо* методдору да колдонулат. Калыптандыруучу

экспериментинин бардык баскычтарында эталондорду колдонуу менен гана ишке ашкан *өзүн өзү көзөмөлдөө*, практикалык иштерди аткарууда өзгөчө мааниге ээ.

Окутуу технологиясы – билим берүү стандартында, окуу программасында көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн окутуунун методдорун, каражаттарын, формаларын, шарттарын иштеп чыгуунун, тандоонун, колдонуунун жана текшерүүнүн жолу. ЖОЖдун багытына, группанын деңгээлине, студенттердин өзгөчөлүктөрүнө, окуу дисциплиналарынын мазмунуна, окутууну жүргүзүүнүн материалдык-техникалык базасына жана анда түзүлгөн шарттарга жараша окутуу технологиясы иштелип чыгып, ишке ашырылат.

АОНду калыптандыруу процессиндеги мазмундун өзгөчөлүгү болуп маалыматтык технологиялар, бизнес-пландоо жана бизнес-пландоодогу маалыматтык технологиялар үч аймагындагы билимдин, билгичтиктин жана көндүмдөрдүн жыйындысын топтоо эсептелинет.

Бизнес-пландоодо чечилүүчү маселелерди талдоо учурунда “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда окулуучу MS Excel таблицалык процессорун, MS Word тексттик процессорун ж.б. маалыматтык технологияларды да колдонуу мүмкүнчүлүктөрү бар экендиги айкын болду. Маалыматтык технологиялар ЖОЖдо окуп-үйрөнүү предмети болуу менен бирге түрдүү кесиптик милдеттерди чечүүчү куралдын функциясын аткарат.

Окуу процессинин ажырагыс бөлүгү катары окуу маалыматтарын алып жүрүүчү жана мугалимдер менен студенттердин ишмердүүлүк куралы катары каралган билим берүү *каражаттары* эсептелишет. “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” ” курсунда АОНду калыптандыруу процессинде маалыматтык технологияларды *окутуунун комплекстүү каражаты* катары карайбыз (ОКК).

Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө маалыматтык каражаттар аркылуу даярдоо процесси студенттерде *аракеттин ориентирлөөчү негизин* калыптандыруу менен коштолот жана анын калыптануу деңгээли боюнча даярдоо процессинин ийгиликтүүлүгү жөнүндө айтууга болот. Педагогикалык эксперименттин алкагында *аракеттин ориентирлөөчү негизинин* калыптануу деңгээлин аныктоонун критерийлик методикасы иштелип чыккан. Берилген изилдөө студенттерди уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүнө даярдоо процессинде маалыматтык технологияларды колдонуудагы комплекстүү эксперименталдык иштин бир бөлүгү катары каралат.

Ал эми изилдөөбүздүн үчүнчү главасы «**Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары**» деген аталышта болуп АОНдун калыптануусунун критерийлерин жана АОНдун калыптануу деңгээлин эксперименттик түрдө аныктоонун жыйынтыктары анализденди.

Максатты диагностикалык сыпаттоонун негизинде студенттердин АОН калыптануусунун деңгээлдерин аныктоо критерийлери катары

- таануунун үч аймагы болгон – маалыматтык технологияларда, бизнес-пландоодо, маалыматтык технологияларды бизнес-пландоодо колдонууда өздөштүрүүнүн үч деңгээли боюнча билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү коэффициенттери;
- окуу ишмердүүлүгүнө болгон беш мотивдин рейтингдик баасы тандалып алынды.

Критерийлик методиканын алкагында

- өздөштүрүүнүн деңгээлдик коэффициенттерин, өздөштүрүүнүн жалпыланган коэффициентин эсептөө тартиби көрсөтүлдү;
- маалыматтарды статистикалык кайра иштетүү эсеби көрсөтүлдү;
- АОНдун калыптануу деңгээлин аныктоо методдору: тестирлөө негизги метод катары, оозеки жоопторду жана жыйынтыктоочу иштерди анализдөө, сурамжылоо (анкета жүргүзүү) методдору тандалып алынды;
- баалоонун тартиби жана педагогикалык эксперименттин этаптарына ылайык АОНдун калыптануу деңгээлдерин аныктоо үчүн тесттер иштелип чыкты;
- бизнес-пландоонун маселелерин маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу эсептөө процессиндеги окуу ишмердүүлүгүнүн мотивдерин аныктоо анкеталары иштелип чыкты.

Эксперимент констатациялоочу, калыптандыруучу жана контролдоочу үч этапта жүргүзүлдү.

Бардыгы болуп педагогикалык экспериментте 268 студент катышышты. Констатациялоочу эксперименттин максаты болуп “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсундагы студенттердин окуу ишмердүүлүгүнө болгон мотивациясын, кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык технологияларды колдонууга болгон мотивациясын аныктоо болгон.

Анкета төмөндөгү факторлор боюнча биринчи жана экинчи курстардын окуу группаларында жүргүзүлгөн:

- жакынкы жана соңку (келечектеги) окуп-үйрөнүү максаттарын аң-сезим менен таануу;
- өздөштүрүлгөн билимдин теориялык жана практикалык маанисин аң-сезим менен таануу;
- илимий маалыматты эмоциялык формада айтып берүү;
- окуу материалынын жаңылыгы жана анын мазмунун кеңейтүү;
- окуу ишмердүүлүгүнүн кесипкөй багыты.

Биздин изилдөө үчүн эң көп кызыгууну “Окуу ишмердүүлүгүнүн кесипкөй багыты” мотиви пайда кылды. Анкета жүргүзүүнүн жыйынтыгында эки уюлдуу жыйынтык алынган: студенттердин жарымы (22 жана 28 адам) бул мотивди 1-2 – орунга коюшкан, ошону менен бирге эле дээрлик студенттердин дээрлик 1/4 бөлүгү (28 адам) бул мотивге акыркы 6-орунду ыйгарышкан. Демек, *маалыматтык технологияларга окуп-үйрөтүү процессине кесипкөй*

*маселелерди киргизүү зарылчылыгы келип чыккандыгы бышыкталды.*

Калыптандыруучу экспериментин өткөрүүгө чейин жана өткөргөндөн кийин маалыматтык технологиялар аймагындагы өздөштүрүүнүн үч деңгээли боюнча *баштапкы* жана *жыйынтыктоочу* контроль жасалышы керек.

Калыптандыруу экспериментин өткөрүүгө чейинки *баштапкы* контроль өздөштүрүүнүн үч деңгээли боюнча эксперименттик жана контролдук группалардын ортосундагы принципиалдуу айырмачылыктарды таба алган жок.

Маалыматтык технологиялар аймагындагы билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлдерин контролдоонун *жыйынтыктоочу* этабында алынган чоңдуктар жана алынган чоңдуктардын ишеничтүүлүгүн текшерүүнүн эсептик критерийлери 1-таблицада берилген. Эксперименттин бул этабында алынган Стьюденттин t-критерийине ылайык төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот: тандалма орточо арифметикалык чоңдуктардын статистикалык маанилүүлүгүнүн баасы Стьюденттин t-критерийи боюнча 0,95 ыктымалдуулук босогосунан ылдый эмес.


1-таблица - **Маалыматтык технологиялар аймагында студенттердин өздөштүрүү деңгээлдерин текшерүүнүн жыйынтыктары** (калыптандыруу экспериментин өткөргөндөн кийин)

| Өздөштүрүү коэффициенти (баасы – $K_j$) | I деңгээли | | II деңгээли | | III деңгээли | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Контролдук группа ($N_к = 48$) | Эксперименттик группа ($N_э = 73$) | Контролдук группа ($N_к = 48$) | Эксперименттик группа ($N_э = 73$) | Контролдук группа ($N_к = 48$) | Эксперименттик группа ($N_э = 73$) |
| | Туура келген баага ээ болгон студенттердин саны | | | | | |
| 1 | 4 | 11 | 6 | 20 | 1 | 5 |
| 0,875 | 9 | 24 | 14 | 39 | 1 | 14 |
| 0,750 | 9 | 27 | 27 | 8 | 9 | 28 |
| 0,625 | 11 | 9 | 6 | 4 | 10 | 19 |
| 0,500 | 12 | 2 | 4 | 2 | 9 | 3 |
| 0,375 | 3 | 0 | 1 | 0 | 14 | 4 |
| 0,250 | 0 | 0 | 0 | 0 | 4 | 0 |
| 0,125 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Группа үчүн өздөштүрүүнүн орточо коэффициенти ($K_i$) | **0,74** | **0,81** | **0,76** | **0,87** | **0,60** | **0,71** |
| Дисперсия ($\sigma^2$) | 0,03 | 0,01 | 0,02 | 0,01 | 0,03 | 0,02 |
| Стьюденттин t-критерийинин мааниси ($t$) | $t = 2{,}5358 > t_{st} = 2\ (t_1 = 0{,}95)$ | | $t = 4{,}6734 > t_{st} = 2{,}6\ (t_3 = 0{,}999)$ | | $t = 3{,}6687 > t_{st} = 3{,}4\ (t_3 = 0{,}999)$ | |

Калыптандыруучу экспериментинин сапаттуу көрсөткүчү болуп эвристикалык типтеги алгоритмдик жана натыйжалуу ишмердүүлүктү уюштуруудагы студенттердин жөндөмдүүлүктөрүнүн оң динамикасы эсептелинет (1-сүрөт).

Диаграммадан көрүнүп тургандай, эксперименттик группадагы өздөштүрүүнүн жалпыланган коэффициенти калыптандыруу экспериментин

жүргүзгөндөн соң 0,76 (контролдук группадагы 0,66 менен салыштырмалуу) экендиги келип чыгат.




1-сүрөт. Контролдук жана эксперименттик группалардагы өздөштүрүү коэффициенттеринин катышы (маалыматтык технологиялар аймагында)

Калыптандыруучу экспериментинин ар бир этабынан кийин бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонуу аймагында студенттердин өздөштүрүүсүнүн деңгээлине туура келген контролдоо жүргүзүлүп турган. Биринчи этапта өздөштүрүүнүн I деңгээли, экинчи этапта – өздөштүрүүнүн II деңгээли, үчүнчүдө – өздөштүрүүнүн III деңгээли. Алынган жыйынтыктар төмөндөгү 2-таблицада берилген.

2-таблица-**Калыптандыруучу экспериментинин процессиндеги бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонуу методдорун студенттердин өздөштүрүүсүнүн жыйынтыктары (1 -, 2 -, 3 - этаптары)**

| Өздөштүрүүнүн деңгээлдери | Студенттер жетишкен өздөштүрүүнүн деңгээлдеринин коэффициенттери | | | | | Деңгээл боюнча | Өздөштүрүүнүн жалпыланган коэффициенти |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0,5 | 0,625 | 0,75 | 0,875 | 1 | | |
| | Студенттердин саны | | | | | | |
| I деңгээли | 1 | 18 | 35 | 11 | 8 | 0,7619 | 0,8004 |
| II деңгээли | 1 | 4 | 7 | 42 | 19 | 0,8767 | |
| III деңгээли | 9 | 12 | 24 | 15 | 13 | 0,7688 | |


*Контролдоочу* эксперимент үчүнчү курстун бешинчи семестринде контролдук жана эксперименттик группалардын студенттери “Ишкердик” курсунда бизнес-планды даярдоо практикалык ишинен кийин жүргүзүлгөн. Контролдоочу экспериментинин алкагында бизнес-пландоо жана бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонуу аймактарында өздөштүрүү деңгээлдеринин жыйынтыктоочу контролу жана анкета жүргүзүлгөн.

Бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонуу аймагында

билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлдерин жыйынтыктоочу контролдоо этабында студенттер “Ишкердик” курсунда бизнес-планды даярдагандан кийин алынган чоңдуктар жана алынган чоңдуктардын ишенимдүүлүгүн текшерүүдөгү эсеп критерийлери төмөндөгү 3-таблицада берилген:

3-таблицасы – **Бизнес-пландоо аймагындагы өздөштүрүү деңгээлдерин текшерүү жыйынтыктары** (бизнес-планды «Ишкердик» курсунда даярдагандан кийин)

| Өздөштүрүү коэффициенти (баасы – $K_j$) | I деңгээли | | II деңгээли | | III деңгээли | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Контролдук группа ($N_к = 24$) | Экспери-менттик группа ($N_э = 25$) | Контролдук группа ($N_к = 24$) | Экспери-менттик группа ($N_э = 25$) | Контролдук группа ($N_к = 24$) | Экспери-менттик группа ($N_э = 25$) |
| | Туура келген коэффициентке (баага) ээ болгон студенттердин саны | | | | | |
| 1 | 1 | 3 | 1 | 6 | 2 | 7 |
| 0,875 | 2 | 5 | 4 | 12 | 1 | 6 |
| 0,75 | 5 | 7 | 6 | 4 | 4 | 9 |
| 0,625 | 8 | 5 | 6 | 2 | 10 | 1 |
| 0,50 | 5 | 5 | 4 | 1 | 3 | 2 |
| 0,375 | 3 | 0 | 3 | 0 | 4 | 0 |
| 0,25 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 0,125 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Группа үчүн өздөштүрүүнүн орточо коэффициенти ($K_i$) | 0,6302 | 0,73 | 0,6614 | 0,85 | 0,6302 | 0,825 |
| Дисперсия ($\sigma^2$) | 0,0253 | 0,0258 | 0,0292 | 0,0162 | 0,0292 | 0,0212 |
| Стьюденттин t-критерийинин мааниси ($t$) | $t = 2{,}1868 > t_{st} = 2\ (t_1 = 0{,}95)$ | | $t = 4{,}3636 > t_{st} = 2{,}7\ (t_3 = 0{,}99)$ | | $t = 4{,}1736 > t_{st} = 3{,}5\ (t_3 = 0{,}999)$ | |





2-сүрөт. Контролдук жана эксперименттик группалардагы өздөштүрүү коэффициенттеринин катышы (бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонуу аймагында)

Бизнес-пландоо аймагында билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлдерин жыйынтыктоочу контролдоочу этабындагы студенттер тарабынан бизнес-планды «Ишкердик» курсунда даярдоодон кийинки алынган чоңдуктар (контролдоочу эксперименти) жана ошондой эле алынган чоңдуктардын ишенимдүүлүгүн эсептөө критерийлери кийинки таблицада берилген (4-таблицасы).

4-таблицасы – **Бизнес-пландоо аймагындагы өздөштүрүү деңгээлдерин текшерүү жыйынтыктары** (бизнес-планды «Ишкердик» курсунда даярдагандан кийин)

| Өздөштүрүү коэффициенти (баасы – $K_j$) | I деңгээли | | II деңгээли | | III деңгээли | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Контролдук группа ($N_к = 24$) | Эксперименттик группа ($N_э = 25$) | Контролдук группа ($N_к = 24$) | Эксперименттик группа ($N_э = 25$) | Контролдук группа ($N_к = 24$) | Эксперименттик группа ($N_э = 25$) |
| | Туура келген коэффициентке (баага) ээ болгон студенттердин саны | | | | | |
| 1 | 1 | 3 | 1 | 6 | 2 | 7 |
| 0,875 | 2 | 5 | 4 | 12 | 1 | 6 |
| 0,75 | 5 | 7 | 6 | 4 | 4 | 9 |
| 0,625 | 8 | 5 | 6 | 2 | 10 | 1 |
| 0,50 | 5 | 5 | 4 | 1 | 3 | 2 |
| 0,375 | 3 | 0 | 3 | 0 | 4 | 0 |
| 0,25 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 0,125 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Группа үчүн өздөштүрүүнүн орточо коэффициенти ($K_i$) | 0,6302 | 0,73 | 0,6614 | 0,85 | 0,6302 | 0,825 |
| Дисперсия ($\sigma^2$) | 0,0253 | 0,0258 | 0,0292 | 0,0162 | 0,0292 | 0,0212 |
| Стьюденттин t-критерийинин мааниси ($t$) | $t = 2{,}1868 > t_{st} = 2$ $(t_1 = 0{,}95)$ | | $t = 4{,}3636 > t_{st} = 2{,}7$ $(t_3 = 0{,}99)$ | | $t = 4{,}1736 > t_{st} = 3{,}5$ $(t_3 = 0{,}999)$ | |

Стьюденттин $t$-критерийинин алынган маанилерине ылайык эксперименттин берилген этабында төмөндөгүдөй корутунду жасоого болот: тандалма орточо арифметикалык чоңдуктардын статистикалык маанилүүлүгүнүн баасы Стьюденттин $t$-критерийи боюнча 0,95 ыктымалдуулуктун босогосунан ылдый эмес. Төмөндөгү диаграмма бизнес-пландоо аймагында контролдук жана эксперименттик группалар үчүн алынган өздөштүрүүнүн орточо коэффициенттеринин салыштырмалуу жыйынтыктарын көрсөтмөлүү кылып сунуштайт.




3-сүрөт. Контролдук жана эксперименттик группалардагы өздөштүрүү коэффициенттеринин катышы (бизнес-пландоо аймагында)

Өздөштүрүүнүн бардык деңгээлдери боюнча, өздөштүрүүнүн жалпыланган коэффициенти боюнча да эксперименттик группанын көрсөткүчтөрү контролдук группанын көрсөткүчтөрүнө караганда жогору. Демек, педагогикалык эксперименттин оң жыйынтыктарына ээ болдук жана студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо АОНдун калыптануу деңгээли шарт катары каралаарын көрдүк.

Окуу жана кесиптик ишмердүүлүккө болгон мотивацияга калыптанган АОН өзүнүн оң таасирин тийгизди деп айтсак болот, буга бешинчи семестрде жүргүзүлгөн анкета далил болуп бере алат. Анкета жүргүзүүнүн жыйынтыктары эксперименттик группанын студенттери өздөрүнүн жоопторуна контролдук группага салыштырмалуу ишенимдүү жооп беришкенин көргөзөт.

Эксперименттик изилдөөлөрдүн негизинде ЖОЖдо “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсу боюнча студенттерди окутуудагы бизнес-пландоонун маселелерин чыгаруу процессинде маалыматтык технологиялар студенттерди уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүнө даярдоо каражаты катары колдонулгандыгын айтууга болот.

## КОРУТУНДУ

ЖОЖдо окутуунун “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо каражаты катары маалыматтык технологияларды колдонуунун теориялык-эксперименттик изилдөөсүнүн аткарылышы төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоону калыптандыруу көйгөйлөрү боюнча заманбап педагогикалык изилдөөлөрдү анализдөөнүн негизинде кесиптик милдеттерди аткарууда маалыматтык технологияларды колдонуунун актуалдуулугу жөнүндөгү суроо көптөгөн эмгектерде каралат

деген жыйынтык келип чыкты. Ошону менен бирге, ЖОЖдо окутуунун “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда студенттерди уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүнө даярдоо каражаты катары маалыматтык технологияларды теориялык жана практикалык жактан колдонууга арналган иштердин аз санда экени байкалды.

2. Уюштуруу-башкаруу түшүнүгүнө аныктама берилди.

3. Компьютердик чөйрөдө бизнес-пландоонун мисалы аркылуу студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодогу окуу-методикалык комплекс иштелип чыкты, ал өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- Windows компьютердик чөйрөсүндө иштөө үчүн методикалык көрсөтмөлөр жана практикалык иштер;
- Microsoft Office тиркемелеринде иштөө үчүн практикалык сабактарга окуу-методикалык колдонмо;
- Бизнес-планды маалыматтык технологиялар каражаттары аркылуу даярдоодогу практикалык иштер үчүн окуу-методикалык колдонмо;
- “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда бизнес-планды даярдоо конкреттүү милдетине багытталган кесиптик ишмердүүлүктөгү маалыматтык технологияларды колдонуудагы окутуунун каражаттарынын, формаларынын жана методдорунун жыйындысы.

4. Кесиптик ишмердүүлүккө студенттерди ийгиликтүү даярдоо көрсөткүчү катары *аракеттин ориентирлөөчү негизинин* калыптануу деңгээлин аныктоонун критерийлери иштелип чыкты:

- *аракеттин ориентирлөөчү негизинин* калыптануусунун критерийлери баса көрсөтүлдү, билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн коэффициенттерин эсептөөнүн тартиби берилди;
- *аракеттин ориентирлөөчү негизинин* калыптануу деңгээлин аныктоонун методдору тандалып алынды, өздөштүрүү деңгээлдерин контролдоо жана сурамжылоо этаптары сыпатталды;
- маалыматтык технологиялар, бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонуу аймактарында *аракеттин ориентирлөөчү негизинин* калыптануу деңгээлин аныктоо тесттери иштелип чыкты;
- *аракеттин ориентирлөөчү негизин* калыптандыруу процессинде окуу жана кесиптик ишмердүүлүктүн мотивдерин аныктоочу анкеталар иштелип чыкты.

5. Уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүн уюштура билүүгө студенттерди даярдоонун бир шарты катары *аракеттин ориентирлөөчү негизин* калыптандыруу процессинде бизнес-пландоонун милдеттерин аткаруу үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу натыйжалуулугу критерийлик методдун жардамы аркылуу эксперименттик түрдө текшерилип бекитилди. *Аракеттин ориентирлөөчү негизинин* калыптангандыгын көргөзүп эксперименттик группанын студенттери контролдук группанын студенттерине

салыштырмалуу бардык критерийлер боюнча жакшы жыйынтыктарды көрсөткөндүгү байкалды.

6. *Студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодогу компьютердик каражаттардын артыкчылыгы төмөндөгүлөрдө:*

- ЖОЖ окутуунун “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсунда студенттердин окуу ишмердүүлүгүндөгү мотивдердеги кесиптик багыттуулукту активизациялоодо;
- ЖОЖ студенттердин кийин да билимин өркүндөтүү жана келечектеги кесип ишмердүүлүк процессинде маалыматтык технологияларды колдонууга умтулуусунда;
- Бизнес-пландоону камтыган дисциплиналарды окуп-үйрөнүүдө *аракеттин ориентирлөөчү негизи* катары кийин да колдонуу үчүн бизнес-планды маалыматтык технологиялар каражаттары аркылуу даярдоо процессинде билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү топтоосунда *экендиги аныкталды*.

7. Мотивациялык жана эмоционалдык-эрктик компоненттерди камтыган, бизнес-пландоодо маалыматтык технологияларды колдонууга студенттердин жана адистердин даяр болуу бүтүн моделин түзүү багытында ишти андан ары өнүктүрүү пландалууда.

Изилдөөнүн жыйынтыктары М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинде, Ж. Баласагын атындагы улуттук университетинде жана KEIIN international institute билим берүү мекемесинде “Менеджменттеги маалыматтык технологиялар” курсун окутуу процессине киргизилген.

**Диссертациянын негизги мазмуну, жоболору автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган**

**Окуу методикалык колдонмолор:**

1. **Мусаев, Б. М.** Технология подготовки презентации в MS Power Point. Учебное пособие. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2016. -64 с.
2. **Мусаев, Б.М.** Основы защиты информации в компьютере. Учебно–практ. пособие. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2017. -25 с.
3. **Мусаев Б.М.** Методические указания к практическим занятиям и самостоятельной работе по курсу: “Бизнес-планирование” для студентов эконом. специальностей. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2017. -27 с.
4. **Мусаев, Б.М.** Учебно-методический комплекс по дисциплине: “Цифровые технологии в менеджменте”. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2017. -25 с.
5. **Мусаев, Б.М.** Подготовка документов в MS Word. Учебно-практическое пособие. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2018. -59 с.
6. **Мусаев, Б. М.** Компьютерные технологии в моделировании экономических процессов. Учебно–практическое пособие. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2018. -44 с.

7. **Мусаев, Б. М.** MS Excel. Учебно-практическое пособие. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2019. -56 с.

8. **Мусаев, Б. М.** Операционная система MS Windows. Методические указания к выполнению лабораторных работ по информатике для обучающихся по всем направлениям подготовки бакалавров. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2019. -28 с.

9. **Мусаев, Б. М.** Система управления базами данных MS Access. Учебное пособие. [Текст] / Б. М. Мусаев. -Бишкек, 2020. -54 с.

**Илимий макалалар**

1. **Мусаев, Б.М.** Окуу ишмердүүлүгүн жекелештирүүдө жана дифференцирлөөдө окуу компьютерлеринин дидактикалык мүмкүнчүлүктөрү [Текст] / М.У. Касымалиев, Б.М. Мусаев // Материалы 3-й научно-практической конференции посвященной 2200-летию Кыргызской государственности. Проблемы образования и науки. -Бишкек, 2004. – 354-359 стр.

2. **Мусаев, Б.М.** Информациялык системалардын жардамы менен студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө окутуунун дидактикалык негиздери [Текст] / Б.М. Мусаев. // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2012. – №8. – 256-258-бб.

3. **Мусаев, Б.М.** Педагогические основы применения компьютерной технологии в экономическом высшем учебном заведении (на примере бизнес-планирования) [Текст] / Б.М. Мусаев // Вестник КЭУ им. М. Рыскулбекова. – Бишкек, 2012. – №4 (23). – 32-34 стр.

4. **Мусаев, Б.М.** Адистерди даярдоо процессиндеги бизнес-пландоонун маселелери жана мазмундук түзүлүшү [Текст] / Б.М. Мусаев // Билим берүүнүн заманбап проблемалары. Жогорку жана орто окуу жайларынын кызматкерлери жана педагогикалык жаатындагы илимий изилдөөчүлөр үчүн макалалар жыйнагы. – Нарын, 2013. – №1. – 49-53-бб.

5. **Мусаев, Б.М.** Студенттерди уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүнө даярдоо процессиндеги педагогиканын принциптери [Текст] / Б.М. Мусаев. // Билим берүүнүн заманбап проблемалары. Жогорку жана орто окуу жайларынын кызматкерлери жана педагогикалык жаатындагы илимий изилдөөчүлөр үчүн макалалар жыйнагы. – Нарын, 2013. – №1. – 53-58-бб.

6. **Мусаев, Б.М.** Формы и методы подготовки студентов к профессиональной деятельности [Текст] / Б.М. Мусаев // Всероссийский Фестиваль науки. Международный Форум «Бизнес, образование, культура: традиции и инновации. –Новосибирск, 2014. – №1. – 53-58-бб.

7. **Мусаев, Б.М.** Методические основы подготовки студентов ВУЗов профессиональной деятельности в курсе «Информатика» [Текст] / Б.М. Мусаев // Известия ВУЗов. –Бишкек, 2014. – №8. – 53-58-бб.

8. **Мусаев, Б.М.** Концептуальный подход к подготовке студентов экономических направлений [Текст] / Б.М. Мусаев // Вестник КГУ им. Арабаева.

спец. выпуск. – Бишкек, 2015. – №2. – 97-99 стр.

9. **Мусаев, Б.М.** Келечектеги адистерди даярдоо процессиндеги бизнес-пландоонун ролу жана мааниси [Текст] / Б.М. Мусаев. // Известия ВУЗов Кыргызстана. –Бишкек, 2023. – №4. – 204-208-бб.

10. **Мусаев, Б.М.** Студенттерди уюштуруу-башкаруу кесиптик ишмердүүлүгүнө даярдоонун айрым маселелери [Текст] / Б.М. Мусаев. // Известия ВУЗов Кыргызстана. –Бишкек, 2023. – №4. – 209-212-бб.

11. **Мусаев, Б.М.** Студенттин окуу ишмердүүлүгүндө-гү аракеттин ориентирленген негизинин (АОН) схемаларынын ролу [Текст] / Б.М. Мусаев, С.К. Калдыбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – №1.

**Мусаев Бакытбек Малаевичтин «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (башкаруудагы маалыматтык технологиялар курсун окутуу мисалында)» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**


**РЕЗЮМЕ**

**Түйүндүү түшүнүктөр:** маалыматтык технологиялар, компьютердик технологиялар, уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгү, кесипке багыттап окутуу, бизнес-пландоо, аракеттин ориентирлөөчү негизи, окутуунун комплексттүү каражаты.

**Изилдөөнүн объектиси:** "Менеджмент" адистигинин студенттерин кесипке багыттап окутуу

**Изилдөөнүн предмети**: "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсунда студенттерди кесипке багыттап окутуу.

**Изилдөөнүн максаты**: маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун илимий-методикалык негиздерин түзүү жана ишке ашыруу.

**Илимий методдор**: илимий, методикалык жана педагогикалык адабияттарды теориялык жактан анализдөө; салыштыруу анализи жана жалпылоо методдору; диагностикалык методдор; эксперименттик методдор; математикалык статистиканын методдору.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсун кесипке багыттап окутуунун илимий мамилелери иштелип чыкты жана илимий методдор такталды;
- "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсун кесипке багыттап окутуунун технологиясы иштелип чыкты;
- студенттердин *аракетинин ориентирлөөчү негизинин* калыптангандыгынын критерийлери иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** жогорку окуу жайында "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсунун окутулушунда компьютердик чөйрөдөгү бизнес-пландоонун мисалында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоочу окуу-методикалык комплекси иштелип чыгып, колдонууга берилген;

- студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо каражаты катары "Менеджменттеги маалыматтык технологиялар" курсунда маалыматтык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугу эксперимент түрүндө такталган.

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана корутундулары жогорку окуу жайларында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо тажрыйбасында, маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-пландоонун маселелерин чечүү процессинде адистердин квалификациясын жогорулатуучу жана кайра даярдоо курстарынын тажрыйбасында да колдонууга болот.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Мусаева Бакытбека Малаевича на тему: «Профессионально-ориентированное обучение студентов с помощью информационных технологий (на примере обучения курса «Информационные технологии в менеджменте»)» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (информатика).**

**Ключевые слова:** информационные технологии, компьютерные технологии, организационно-управленческая деятельность, профессионально-ориентированное обучение, бизнес-планирование, ориентировочная основа действия, комплексное средство обучения.

**Объект исследования**: профессиональная подготовка студентов специальности «Менеджмент».

**Предмет исследования:** обучение студентов с ориентацией на профессию в курсе «Информационные технологии в менеджменте».

**Цель исследования:** создание и внедрение научно-методических основ подготовки студентов к профессиональной деятельности посредством использования информационных технологий.

**Методы исследования**: теоретический анализ научной, методической и педагогической литературы; методы сравнительного анализа и обобщения; диагностические методы; экспериментальные методы; методы математической статистики.

**Научная новизна исследования:**

- разработаны научные подходы преподавания курса «Информационные технологии в менеджменте», ориентированные на профессию, и уточнены научные методы;
- разработана технология преподавания курса «Информационные технологии в менеджменте» ориентированного на профессию;
- разработаны критерии формирования *ориентировочной основы действий* студентов.

**Практическая значимость исследования.**

Разработан и внедрен учебно-методический комплекс подготовки студентов к профессиональной деятельности на примере бизнес-планирования в компьютерной среде при изучении курса «Информационные технологии в менеджменте» в вузе; экспериментально подтверждена эффективность использования информационных технологий в курсе «Информационные технологии в менеджменте» как средство подготовки студентов к профессиональной деятельности.

Основные результаты и выводы исследования могут быть использованы в практике вузов в процессе подготовки студентов к профессиональной деятельности, в практике курсов повышения квалификации и переподготовки специалистов в процессе решения задач бизнес-планирования средствами информационных технологий.

**SUMMARY**

**dissertation by Musaev Bakytbek Malaevich on the topic: "Professionally oriented training of students using information technologies (using the example of teaching the course "Information technologies in management")" for the academic degree of candidate of pedagogical sciences in specialty 13.00.02 - theory and methodology of teaching and education ( Informatics).**

**Key words:** information technology, computer technology, organizational and managerial activities, professionally oriented training, business planning, indicative basis for action, comprehensive training tool.

**Object of study:** professional training of students majoring in "Management".

**Subject of research:** teaching students with a focus on the profession in the course "Information technologies in management."

**Purpose of the study:** creation and implementation of scientific and methodological foundations for preparing students for professional activities through the use of information technology.

**Research methods:** theoretical analysis of scientific, methodological and pedagogical literature; methods of comparative analysis and generalization; diagnostic methods; experimental methods; methods of mathematical statistics.

**Scientific novelty of the research:**

- scientific approaches to teaching the course "Information Technologies in Management", oriented towards the profession, have been developed, and scientific methods have been refined;
- a technology for teaching the course "Information Technologies in Management" focused on the profession has been developed;
- criteria for the formation of an indicative basis for students' actions have been developed.

**Practical significance of the study.**

An educational and methodological complex for preparing students for professional activities has been developed and implemented using the example of business planning in a computer environment when studying the course "Information Technologies in Management" at a university; the effectiveness of using information technologies in the course "Information Technologies in Management" as a means of preparing students for professional activities was experimentally confirmed.

The main results and conclusions of the study can be used in the practice of universities in the process of preparing students for professional activities, in the practice of advanced training courses and retraining of specialists in the process of solving business planning problems using information technology.